2-тиркеме

**Жеңилдиктердин ордуна ар айлык акчалай компенсацияларды дайындоо тартиби жөнүндө жобо**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо жеңилдиктердин ордуна ар айлык акчалай компенсацияларды дайындоо тартибин карайт.
2. Бул Жобонун колдонулушу эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан дайындалуучу жеңилдиктердин ордуна акчалай компенсацияларды берүү маселелери боюнча КМШнын мүчө мамлекеттеринин мамлекеттер аралык макулдашууларына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык Кыргыз Республикасынын жарандарына, ошондой эле Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине (мындан ары – КМШ) мүчө мамлекеттердин жарандарына карата жайылтылат.

## 2-глава. Жеңилдиктердин ордуна ар айлык акчалай компенсация алуу укугу

3. Жеңилдиктердин ордуна ар айлык акчалай компенсация (мындан ары – ар айлык компенсация) алуу укугуна Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 18-апрелиндеги № 132 “Жарандардын айрым категорияларына ай сайын акчалай компенсацияларды төлөө жөнүндө” Жарлыгы менен белгиленген өлчөмдөрдө жарандардын айрым категориялары ээ.
4. Ар айлык компенсация алуучулардын ар бир категориясы үчүн компенсация алуучунун жашаган жерине (шаар – айыл) карабастан ар айлык компенсациянын бирдиктүү бекитилген өлчөмү белгиленет.
5. Карылар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн социалдык стационардык мекемелерде (мамлекеттик бюджеттен каржылануучу) жашаган ар айлык компенсация алуу укугуна ээ болгон адамдарга ар айлык компенсация толук көлөмдө төлөнөт.
6. Бир нече негиз боюнча ар айлык компенсация алуу укугуна ээ болгон адамдарга ар айлык компенсация алуу үчүн негиздердин бирин гана тандоо укугу берилет.

7. Ушул Жобонун 8-пунктунда көрсөтүлгөн адамдардан тышкары, көрүүсү боюнча III топтогу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын, 18 жашка чейинки курактагы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү (көрүүсү, угуусу боюнча) балдардын ар айлык компенсация алууга укугу жок.

8. Эгерде ушул Жобонун 7-пунктунда көрсөтүлгөн категориядагы жарандар эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрүндө (мындан ары – аймактык бөлүмдөр) 2013-жылдын 21-майына чейинки мезгилде каттоодо турса, анда алардын ар айлык компенсация алуу укугу төмөнкүлөр үчүн сакталат:

1) көрүүсү боюнча III топтогу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар – майыптыктын мөөнөтү аяктаганга чейин;

2) ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү (көрүүсү, угуусу боюнча) балдар – 18 жашка толгонго чейин.

## 3-глава. Ар айлык компенсацияны дайындоо үчүн зарыл болгон документтер

9. Ар айлык компенсацияны дайындоого арыз жашаган/турган жерине карабастан арыз ээсинин кайрылган жери боюнча эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекиткен форма боюнча аймактык бөлүмгө берилет. Мында арыз ээсинин идентификациялык жеке номери болушу керек.

Ар айлык компенсация дайындоого арыз Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу электрондук түрдө берилиши мүмкүн.

10. Ар айлык компенсация дайындоо жөнүндө арыз ушул Жобонун тиркемесинде каралган маалыматтар болгон жана документтер/маалымкаттар берилген шартта каралат.

Мында мамлекеттик органдардан ар айлык компенсация дайындалууга тийиш болгон арыз ээси жөнүндө маалыматтарды суроо “Түндүк” электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы аркылуу жүзөгө ашырылат.

Мамлекеттик органдардын маалымат системаларында арыз ээсинин ар айлык компенсация алуу укугуна статусун ырастоочу электрондук маалыматтар жок болгон учурда, аймактык бөлүм арыз ээсине ушул Жобонун тиркемесинде каралган тизмекке ылайык документтерди/маалымкаттарды кагаз жүзүндө берүү зарылдыгы жөнүндө маалымдайт.

11. Документтердин көчүрмөлөрү милдеттүү тартипте түп нускалар менен салыштырылат жана аларды идентификациялоо (түп нускаларга ылайык келиши) фактысын ырастоо менен аймактык

бөлүмдүн адиси тарабынан виза коюлат, аймактык бөлүмдүн гербдүү мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

12. Ар айлык компенсацияны дайындоого арызды каттоо аймактык бөлүмдөрдө алуучунун статусун ырастаган, колдонуу мөөнөтү жарактуу документтердин толук топтому болгондо гана жүргүзүлөт.

13. Ар айлык компенсация дайындалууга тийиш болгон адам жашы жете элек же аракетке жөндөмсүз болгон учурда, ар айлык компенсацияны дайындоо жөнүндө арыз анын ата-энесинин (асырап алуучулардын, камкорчулардын/көзөмөлчүлөрдүн) бири тарабынан берилет.

14. Эгерде арыз ээси же анын үй-бүлө мүчөсү ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам (мындан ары – ДМЧА) болсо, анда ар айлык компенсацияны дайындоо үчүн арыз ээсинин же анын үй-бүлө мүчөсүнүн майыптыгы, майыптыгынын мөөнөтү жөнүндө ырастоочу документтер аймактык бөлүм тарабынан Медициналык-социалдык эксперттик комиссиянын (мындан ары – МСЭК) маалыматтар базасы аркылуу Социалдык жардамдын корпоративдик маалыматтык системасы жардамы менен суралат. МСЭКтин базасынан алынган майыптыгы жөнүндө маалыматтар басып чыгарылат жана өздүк делого салынат. МСЭКтин базасында ДМЧА жөнүндө маалыматтар жок болгон учурда МСЭКтин кагаз жүзүндө маалымкаты талап кылынат, ал өздүк делого салынат.

15. Ар айлык компенсация алуучулар документтерди жаңылоо үчүн тиешелүү мамлекеттик органдарга өз убагында, төмөнкү документтердин колдонуу мөөнөттөрү аяктаганга чейин кайрылууга тийиш:

1) майыптыгын кайра күбөлөндүрүү жөнүндө;

2) паспорт;

3) Чернобыль АЭСиндеги авариянын кесепеттерин жоюуга катышуучунун 18 жашка чейинки баласына берилген Республикалык ведомстволор аралык эксперттик кеңештин алдындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык-дозиметриялык регистрдин райондук деңгээлдеги регистринин маалымкаты (жыл сайын жаңылануучу);

4) жашап турууга уруксат.

16. Аймактык бөлүмдөр берилген документтердин колдонуу мөөнөтүн туруктуу негизде текшерип турат. Ушул Жобонун 15-пунктунда көрсөтүлгөн документтердин биринин колдонуу мөөнөтү аяктаганда дайындалган ар айлык компенсацияны төлөө төмөнкүдөй мөөнөткө токтотулуп турат:

1) үч айга чейин – МСЭКте майыптыгын кайра күбөлөндүрүү үчүн;

2) үч айга чейин – паспортту жаңылоо үчүн;

3) эки айга чейин – 18 жашка чейинки балдарга берилүүчү Республикалык ведомстволор аралык эксперттик кеңештин

алдындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык-дозиметриялык регистрдин райондук деңгээлдеги регистринин маалымкатын жаңылоо үчүн;

4) бир айга чейин – жашап турууга уруксаттын колдонуу мөөнөтүн узартуу үчүн.

17. Документтерди жаңыртуу жөнүндө маалыматтарды/ маалымкаттарды ар айлык компенсация төлөөнү кайра улантуу алуучу жаңыланган документти алган айдан кийинки айдын биринчи күнүнөн тартып жүргүзүлөт.

Алуучунун күнөөсү боюнча өтүп кеткен айлар үчүн ар айлык компенсация төлөнбөйт.

Эгерде алуучу себептердин объективдүүлүгү (ооруп калуу, аракетке жөндөмсүздүк, ишенимдүү адамдардын жоктугу) жөнүндө ырастоочу документтерди берсе, ар айлык компенсация төлөө ал токтото турулган күндөн тартып кайра улантылат.

## 4-глава. Ар айлык компенсация дайындоо тартиби жана ар айлык компенсация төлөөнү токтотуу шарттары

18. Ар айлык компенсация дайындоо арыз берүү принциби боюнча аймактык бөлүмдөр тарабынан арыз ээсинин жашаган/жүргөн жерине карабастан кайрылган жери боюнча арыз ээсинин ар айлык компенсация алуучу катары аймактык бөлүмдө катталган күндөн тартып кийинки айдын биринчи күнүнөн тартып жүргүзүлөт.

19. Өзгөчө кырдаал/өзгөчө абал режиминин шартында дайындалган ар айлык компенсацияларды төлөө мөөнөтү ушул Жобонун 16-пунктунда жана тиркемесинде көрсөтүлгөн, өзгөчө кырдаал/өзгөчө абал мезгилинде колдонуу мөөнөтү аяктай турган документтерди талап кылбастан, өзгөчө кырдаал/өзгөчө абал режими алып салынган айдан кийинки айдын акыркы күнүнө чейин узартылат.

20. Иштөө же окуу үчүн республиканын чегинен тышкары узак убакытка кетип жаткан ар айлык компенсация алуучулар үчүн ар айлык компенсация алуу укугу сакталат.

Ар айлык компенсация алуучу өзүнүн убактылуу жок болгон мезгилине башка адамга бир жылдан ашпаган мөөнөткө нотариалдык күбөлөндүрүлгөн ишеним кат берүү менен ага ар айлык компенсация алуу үчүн ыйгарым укук берүүгө милдеттүү. Алуучу ишеним катты тариздебестен кеткен учурда ар айлык компенсация төлөнбөйт.

Республиканын чегинен тышкары жүргөн алуучу каза болгон учурда ал үчүн ар айлык компенсация алууга ыйгарым укуктуу адам алуучу каза болгон күндөн тартып үч айдын ичинде бул тууралуу аймактык бөлүмгө кабарлоого милдеттүү.

Ошол эле учурда ашыкча төлөнгөн сумма ишенимдүү адам тарабынан калыбына келтирилет. Макул болбогон учурда калыбына келтирүү маселеси сот тартибинде чечилет.

21. Эгерде ар айлык компенсация алуучу республиканын чегинен тышкары туруктуу жашоо үчүн кеткен учурда аймактык бөлүм алуучунун арызынын негизинде аны эсептен чыгарат. Республиканын чегинен тышкары өздүк делону жиберүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү суроо-талап келип түшкөндө аймактык бөлүм жазуу жүзүндөгү суроо-талап катталган күндөн тартып 14 жумуш күндүн ичинде алуучунун өздүк делосунун көчүрмөсүн жиберет.

22. Алуучунун республика ичиндеги жашаган жери өзгөргөн учурда алуучу аймактык бөлүмгө жаңы жашаган жеринин дарегин көрсөтүү менен аны эсептен чыгаруу жөнүндө арыз берет. Аймактык бөлүм алуучунун арызынын негизинде аны эсептен чыгарат жана алуучунун жаңы жашаган жери боюнча аймактык бөлүмгө ар айлык компенсацияны алуу укугун ырастаган документтерди берет. Алуучунун жаңы жашаган жери боюнча аймактык бөлүм мурунку жашаган жери боюнча аймактык бөлүмдөн алынган маалыматтардын негизинде ар айлык компенсация төлөөнү кайра улантат.

Эгерде алуучуну аймактык бөлүмдөгү эсептен чыгарууда алуучу жаңы жашаган жеринин дарегин билбесе, анда жаңы жашаган жери боюнча ар айлык компенсация төлөө алуучунун арызынын жана паспортунун негизинде жаңы жашаган жери боюнча аймактык бөлүмгө кайрылганда жүргүзүлөт.

Мурунку жашаган жери боюнча эсептен чыгарылган күн менен жаңы жашаган жери боюнча эсепке коюлган күндүн ортосундагы мөөнөт үч айдан ашпоого тийиш. Бул учурда жаңы жашаган жери боюнча ар айлык компенсацияны төлөөнү улантуу мурдагы жашаган жери боюнча ар айлык компенсация акыркы жолу төлөнгөндөн кийинки айдан баштап жүргүзүлөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн үч айлык мөөнөттөн жүйөсүз себептер менен ашып кеткен учурда ар айлык компенсация төлөө жаңы жашаган жери боюнча аймактык бөлүмдө эсепке коюлган айдан тартып кайра улантылат.

Эгерде алуучу аймактык бөлүмгө жүйөлүү себептер (ооруу, аракетке жөндөмсүздүк, ишенимдүү адамдардын жоктугу, өзгөчө кырдаал/өзгөчө абал режимин киргизүү) менен үч ай өткөндөн кийин кайрылса, ар айлык компенсацияны төлөө ал токтотулган күндөн тартып кошумча үч айга узартылат.

23. Аймактык бөлүмдөр ар айлык компенсация алуучулардын каза болгон учурлары тууралуу маалыматты ведомстволор аралык маалымат алмашуу аркылуу автоматтык түрдө текшерүүнү (верификациялоону) жүргүзөт.

24. Ар айлык компенсацияны төлөө төмөнкүдөй учурларда токтотулат:

1) талап кылынган документтер белгиленген мөөнөттөрдө берилбесе;

2) алуучу республикадан тышкары туруктуу жашоого чыгып кетсе;

3) ар айлык компенсация дайындалган адам каза болсо;

4) ар айлык компенсация дайындалган Чернобыль АЭСинин катышуучусунун баласы, небереси 18 жашка толсо;

5) майыптыгы жөнүндө маалымкатты колдонуу мөөнөтү аяктаса;

6) дайындалган ар айлык компенсацияны 12 айдын ичинде албаса;

7) ар айлык компенсацияны негизсиз дайындоо фактысы белгиленсе.

## 5-глава. Ар айлык компенсациянын өлчөмдөрүн эсептөөнүн жана кайра эсептөөнүн тартиби

25. Бийик тоолуу жана алыскы зоналардын жашоочуларына ар айлык компенсация райондук коэффициентти эске албастан дайындалат.

26. Ар айлык компенсацияны кайра эсептөө төмөнкүдөй учурларда жүргүзүлөт:

– ар айлык компенсациянын өлчөмү өзгөрсө;

– ар айлык компенсация дайындалган адам каза болсо.

27. Ар айлык компенсациянын өлчөмдөрүн кайра эсептөө өзгөртүүлөр болгон айдын биринчи күнүнөн тартып же ар айлык компенсациянын өлчөмүн өзгөртүүнү караган тиешелүү ченемдик укуктук актыда көрсөтүлгөн күндөн тартып жүргүзүлөт.

## 6-глава. Каржылоо булагы

28. Ар айлык компенсацияны, ошондой эле аны төлөө жана жеткирүү менен байланышкан бардык чыгымдарды каржылоонун булагы болуп республикалык бюджет саналат.

## 7-глава. Ар айлык компенсацияны дайындоонун жана төлөөнүн тууралыгына жоопкерчилик

29. Мамлекеттик органдардын жетекчилери ар айлык компенсацияны дайындоо, каржылоо жана төлөө тартибин Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык сактоону камсыз кылууга милдеттүү.

30. Акчалай компенсациялардын өз убагында жана туура төлөнүшүн жана каржыланышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 29-декабрындагы № 823

“Мамлекеттик жөлөкпулдарды жана акчалай компенсацияларды төлөө тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтому менен бекитилген Мамлекеттик жөлөкпулдарды жана акчалай компенсацияларды төлөө тартиби жөнүндө жободо каралган.

31. Аймактык бөлүмдүн күнөөсү боюнча өз убагында дайындалбаган жана/же төлөнбөгөн ар айлык компенсация өткөн мезгил үчүн кандайдыр бир мөөнөттөрдү чектебестен республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен дайындалат.

Ошол эле учурда ар айлык компенсацияларды дайындоо жана төлөө мөөнөттөрүн бузууга жол берген адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

32. Ар айлык компенсациянын ашыкча төлөнгөн суммасы Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына ылайык күнөөлүү адамдардын эсебинен республикалык бюджетке өндүрүлөт.

Ошол эле учурда эгерде ашыкча төлөм төмөнкүлөрдүн күнөөсү боюнча жүргүзүлсө:

1) ар айлык компенсацияны туура эмес дайындаган аймактык бөлүмдүн адисинин – ашыкча төлөнгөн суммалар ошол адис тарабынан орду толтурулат;

2) ар айлык компенсация дайындоо үчүн негиз болгон туура эмес маалыматтар менен документти берген мамлекеттик органдын адисинин – ашыкча төлөнгөн суммалар ошол адис тарабынан орду толтурулат;

3) ар айлык компенсация алуучунун – ашыкча алынган суммалар мурда ар айлык компенсация алган адам тарабынан орду толтурулат.

33. Аймактык бөлүмдүн адисинин, мамлекеттик органдын адисинин күнөөсү боюнча ашыкча төлөнгөн сумма адистердин эмгек акысынын 20 пайызынан ашпаган өлчөмдө эмгек акыдан Кыргыз Республикасынын эмгек жана бюджеттик мыйзамдарына ылайык республикалык бюджетке кармалып калат.

34. Күнөөлүү адамдар ашыкча төлөнгөн сумманын ыктыярдуу түрдө ордун толтурууга макул болбогон учурда карыз сот тартибинде өндүрүлөт.

Ар айлык компенсацияны дайындоодо жана төлөөдө келип чыккан талаш маселелер Кыргыз Республикасынын административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамдарына ылайык чечилет.

## 8-глава. Ар айлык компенсациядан кармап калуулар

35. Ар айлык компенсациянын ашыкча төлөнгөн суммаларын кармап калуу соттук чечимдерди аткаруу үчүн белгиленген тартипте соттун чечимдеринин, аныктамаларынын, токтомдорунун, өкүмдөрүнүн, башка чечимдеринин жана Кыргыз Республикасынын сот аткаруучуларынын жана аткаруу өндүрүшүнүн статусу жөнүндө мыйзамдарына ылайык аткарылуучу токтомдорунун негизинде жүргүзүлөт.

36. Ар айлык компенсациядан кармап калуулардын өлчөмдөрү төлөө үчүн алуучуга тийиштүү болгон суммадан, бирок ар айлык компенсациянын бир айлык өлчөмүнүн 50 (элүү) пайызынан ашык эмес эсептелет.

37. Ар айлык компенсациядан жогоруда көрсөтүлгөндөрдөн башка эч кандай башка кармап калууларга жол берилбейт.

38. Ар айлык компенсациянын ашыкча төлөнгөн суммалары боюнча карыз толугу менен төлөнгөнгө чейин ар айлык компенсацияны төлөө токтотулган учурда калган карыз сот тартибинде өндүрүлөт.

39. Кармап калуунун суммасы республикалык бюджетке орду толтурулат.